УДК 371.3:8-14

Орумбаев Т.О., Өмүрзакова К.К.
К.Тыныстанов ат. ЫМУ

ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫ ОКУТУУДА АЙРЫМ ТЕРМИНДЕРДИ ТАКТАП АЛСАК

Бул макалада мектептерде элдик оозеки чыгармаларды окутууда айрым терминдерди тактап окутуу максаты коюлган.

Кыргыз эли өзүнүн узакка созулган тарыхый жолунда бир катар коомдук тарыхый формацияларды басып өткөн көчмөн эл болгон. Ошол мезгилде өзү коңшулаш жашаган ар түркүн элдер менен алака түзүп, достукта жашап, басып алууга аракет кылган душмандары менен кылычтын мизинде урушуп, өз эркиндиги үчүн талбай күрөшүп келгенине карт тарыхтын өзү күбө. Ошол көрүнүктүү окуяларды баяндоодон келип чыккан ар түрдүү макал-лакаптары, лирикалык ырлары, жомоктору, обон-күүлөрү менен катар ар түрдүү буюмдарга чеберчилик менен түшүрүлгөн оймо-чиймелери нечен кылымдардан берки кыргыз элинин чыгармачылык тажрыйбасы гана болбостон, ошол элдин жандуу тарыхынын күбөсү да болуп саналат. Эл тарабынан жаралган ар кыл чыгармалардын ичинен өзүнүн өнүгүшү боюнча апогейлик эң жогорку чегине жеткен, жалпы журтубуздун сүймөнчүлүгүнө айланган элдик оозеки чыгармалар жана анын ажырагыс бир бөлүгү – эпостор.

Орто мектептердин окуу программасында кыргыз элинин рухий турмушунун туу чокусу болгон, поэтикалык энциклопедияга айланган «Манас» трилогиясы менен катар кенже эпостор: «Эр Төштүк», «Кожожаш», «Эр Табылды» бар.

Кыргыз эли элдик оозеки чыгармалардын ичинен эпосторго бай экендигин биз жогоруда белгилеген элек. Дүйнө жүзүндө жашаган бир да эл кыргыздардыкындай эпостун түрлөрүнө бай эмес, ошондуктан кыргыз эпосторун тематикалык жактан классификациялоодо өзгөчө мамиле кылуу жагы талап кылынаары - талашсыз факт. Эми биз «эпос» деген термин менен «жомок» деген терминди тактап алууга аракет кылалы, себеби кыргыз адабияты боюнча чыккан түшүндүрмө сөздүктөрдө ар түрдүү көз караштар бар:

1. Орто мектептин окуучулары үчүн түзүлгөн кыргыз адабиятынын сөздүгүндө: «Эпос - фольклордук эпикалык түргө кирүүчү, ыр формасындагы көлөмдүү чыгармалар. Эпостордо элдин тарыхый турмушу, маданий- социалдык абалы, карым-катышы, үрп-адаты, келечектен күткөн тилеги кеңири чагылдырылат», - деп берилет.

2. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: «Элдик оозеки чыгармалардагы окуяны кеңири сүрөттөгөн баатырдык ырлар, ири поэмалар»,-деп берилген.

3. Кыргыз советтик энциклопедиясында: «Бүт бир элдин өткөн турмушун кеңири чагылткан ыр же кара сөз түрүндөгү баатырдык баян», - делет.

4. Орто мектептердин VIII класстары үчүн түзүлгөн окуу китебинде: «Эпикалык чыгармалар кара сөз түрүндө (жөө жомоктор) мифтер, легендалар жана ыр формасында (жомоктор-эпостор) да түзүлөт». Ошол эле жерде: «Элдин башынан өткөргөн көрүнүктүү окуяларын, тарыхтын урунттуу учурларын көркөм баяндаган, ыр түрүндөгү көлөмдүү чыгармаларды жомоктор дейбиз», - деп жазылган. «Кыргыз тилиндеги «жомок» деген сөз «эпос» термини менен маанилеш» – делет.

«Жомок» менен «эпос» деген термин чындыгында эле маанилешпи? Терминди тактоо максатында «жомок» деген терминдин түшүндүрмөсүнө көңүл буруп көрөлү.

1. Орто мектептер үчүн түзүлгөн түшүндүрмө сөздүктө: «Жомок, жөө жомок -оозеки адабиятта кеңири тараган, көбүнчө ойдон чыгарылган, окуяларды апыртмалуу, фантазиялуу чагылдырган, сюжети кызыктуу, баяндоо түрүндөгү чыгармалар. Жомоктор ыр түрүндө да, кара сөз түрүндө да болот. Кара сөз менен айтылган жомоктор жөө жомоктор деп аталат».

2. Кыргыз совет энциклопедиясында: «Жомок – элдик оозеки чыгармачылыктын эң байыркы жанрларынын бири, кара сөз түрүндөгү оозеки аңгемелер».

3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: «Жомок – ойдон чыгарылган, окуялары апыртмалуу, фантазиялуу түрдө көрсөтүлүп, баяндоо иретинде айтылган элдик оозеки чыгарма» - деп жазылган.

Эгерде биз жогоруда келтирилген түшүндүрмөлөрдүн бардыгына анализ жүргүзө турган болсок, анда орто мектептер үчүн түзүлгөн түшүндүрмө сөздүктөн башкаларынын бардыгында «эпос» менен «жомок» деген адабий терминге так аныктама берилген, «жөө жомок» деген термин же түшүнүк жөнүндө сөз болбойт, аныктамасы жок. «Жомок», «эпос» жана «жөө жомок» деген термин же түшүнүк орто мектептер үчүн жазылган окуу куралдарында гана кездешерине күбө болдук. Эгерде VIII класстар үчүн жазылган окуу китебиндеги: «Кыргыз тилиндеги «жомок» деген термин «эпос» деген термин менен маанилеш болсо, анда кыргыз жомокторун классификациялоодо: а) улуу жомок; б) кенже жомок; в) жөө жомок деп бөлүштүрүшүбүз керек. Бул болсо, биздин оюбузча, окуучулардын адабий терминдерди терең түшүнүүсүнө тоскоолдук кылат.

Жогорудагы айтылган пикирлерден жыйынтык чыгарсак, анда «эпос» деген адабий терминди Кыргыз совет энциклопедиясындагы: «Бүтүндөй бир элдин өткөн турмушун кеңири чагылдырган ыр же кара сөз түрүндөгү баян», - деген аныктамасын негиз кылып алуу талапка жооп берер эле. (588-б.) Ал эми «жомок» менен «жөө жомок» деген түшүнүктөрдү «жомок» деген адабий терминге айландырып: «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндөгү»: «Жомок - ойдон чыгарылган, окуялары апыртмалуу, фантазиялуу түрдө көрсөтүлүп, баяндоо иретинде айтылган элдик оозеки чыгарма» - деп, адабий түшүндүрмө бергенибиз максатка ылайыктуубу деген ойго келесиң.

«Эпос» деген адабий термин жөнүндөгү түшүнүк менен окуучулар «Эр Табылды» эпосун өткөндө таанышат. Эпос жөнүндө адабий түшүнүккө ээ болгон кезде окуучулар кыргыз эпосторунун классификациясы жөнүндө да түшүнүккө ээ болууга тийиш. Кыргыз эпосторун классификациялоодо көлөмдүк түзүлүшүн, көркөмдүк өзгөчөлүгүн жана тематикалык жактан бөлүнүшүн эске алуу зарылчылыгы келип чыгат. Эгерде кыргыз эпосторун изилдеген окумуштуулардын пикирлерине таяна турган болсок, анда көлөмдүк түзүлүшү менен көркөмдүк сапатына карай кыргыз эпосторун шарттуу түрдө: 1) улуу эпостор; 2) кенже эпостор деп экиге ажыратабыз. Бул бөлүштүрүү кыргыз элинин рухий туу чокусу, жашоо турмушунун энциклопедиясы болгон улуу эпосубуз «Манаска» салыштырмалуу каралат.

Улуу эпостордун катарына «Манас» үчилтиги: «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрү кирет. Ал эми калган эпостор болсо өзүнүн көлөмүнө, көркөмдүк түзүлүшүнө карай кенже кенже эпостордун катарына кошулат. Кенже эпосторду өзүнүн тематикасына, идеалык түзүлүшүнө карай: а) кенже

баатырдык;
б) турмуштук-социалдык эпостор; в) лиро-эпикалык эпостор деп бөлүп окутуу максатка ылайыктуу.

Биринчиден, кыргыз элинин кенже эпосторун окутуунун эң башкы максаты –өсүп келе жаткан жаш муундарды көптөгөн кылымдар бою ооозеки чыгармалардын үлгүлөрүн, элибиздин өткөндөгү тарыхын окуп-үйрөнүү аркылуу элибиздин менталитеттик өзгөчөлүктөрүн ажыратып таануга, анын бай тажрыйбаларын өнүктүрүп-өстүрүп, өз эли жерин чексиз сүйгөн, аны көздүн карегиндей сактап, керек болсо Мекен алдында, эл алдында атуулдук милдетин аткара билген, ак ниеттүүлүккө, эмгекке, туруктуулукка, улууну урматтоо, курбулук-достукту баалай билүүгө тарбиялоо максатын көздөйт.

Экинчиден, элдик оозеки чыгармаларды окуп үйрөнүү аркылуу адам жаратылыштын ажырагыс бир бөлүгү экендигин таануу, өзүнүн жаратылышын коргой билген, анын экологиялык тазалыгы жөнүндө кам көргөн эл гана келечектүү болорун түшүндүрүү милдетин көздөйт.

Орто мектептердин окуу программасынын окутуу тарыхына саресеп салсак, кыргыз эпосторун окутуу отузунчу жылдарга таандык. V-VII класстар үчүн түзүлгөн окуу программасында «Манас» эпосунан үзүндү жана «Кедейкан» киргизилген. 1941-1942-окуу жылында түзүлгөн окуу программасында кыргыз элинин эпикалык чыгармаларына кеңири орун берилген. Алардын арасында «Курманбек», «Эр Төштүк», «Кедейкан», «Саринжи-Бөкөй» жана «Кожожаш» эпостору берилген. Өзүнүн алтымыш жылдык тарыхында стабилдүү түрдө орто мектептерде окутулуп келе жаткан кыргыз эпостору төмөнкүлөр: «Эр Төштүк», «Эр Табылды» жана «Кожожаш».

Чыгыш теги, генетикалык абалы боюнча «Эр Төштүк» менен «Кожожаш» эпосу матриархаттык доордон патриархаттык доорго өткөн мезгилге таандык экендигин изилдөөчүлөр далилдешүүдө. Бул, баарынан мурда, ошол элдин көркөм ойлоо процесси менен тыгыз байланышкан. «Эр Төштүк» менен «Кожожаш» кыргыз калкынын байыркы доордогу күрөшүн, турмушка болгон көз карашын, түшүнүгүн, аң-сезимин аздыр-көптүр чагылдырган конкреттүү чыгармалар. Чыгармалардын кантип, качан, эмне себептен пайда болгондугу анын формасынан эмес, эң мурун мазмунунан изделет. Жогоруда аталган чыгармалардын мазмунуна негиз болгон сырларын ачууга кылган адамдардын күрөшү себеп. Бул күрөш - кыргыз элинин тарыхында эмес, жалпы адамзат коомунун өнүгүш процессине таандык көрүнүш. Архаикалык чыгарма оозеки формасында жашап келегендиктен, түрдүү мезгилдердеги айтуучулардын чыгармачылык талантына жараша өзгөрөт. Түпкү мазмуну такыр өзгөрүп кетпесе да, белгилүү өлчөмдө жаңы мазмунга, жаңы формага ээ болот. Муну улам кийинки муундардын эстетикалык табити менен түшүндүрүүгө болот. «Эр Төштүк» менен «Кожожаш» мифологиялык эпос катарында кереметтүү жана сыйкырдуу жөө жомоктордон өсүп чыккандыгы менен белгилүү. Жогоруда аталган эки эпос тең жалпы кыргыз эпосторунун өсүш этабында алгачкы группаны, тибин түзгөндүктөн, ушул эпосторду окутуу жөнүндө маселе коймокпуз.

Адабий көркөм чыгармаларды окутуунун тарыхында аларды окуп үйрөнүүнүн көп түрдүү ыктары аныкталды, анткени чыгарманын композициялык түзүлүшү, сюжеттик курулушу, мазмуну ар түрдүү болуп жана аны окуучулардын кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу карайт. Бирок, кандай гана чыгарманы албайлы, аны окутуп - үйрөнүүдө конкреттүү, комплекстүү план

түзүлүп, анда педагогикалык, психологиялык жана дидактикалык талаптар ырааттуулук менен сакталууга тийиш. Конкреттүү, комлпекстүү план түзүүдө мугалимдин ишмердүүлүгү менен окуучулардын ишмердүүлүгүнө эки башка талап коюлганы менен, түпкү максаты ошол окулуп жаткан чыгарманы терең өздөштүрүп, ар тараптуу анализдей билүүгө жетишөө максатын көздөйт.

Адабияттар:

1. Акаев А. «Манастан» мамлекеттөөлөккө чейин. - Б., 1994.
2. Алымов Б. Шакиртиме кат. - Ф., 1989.
3. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы. - Б.,1994.
4. Сухомлинский А. Мугалимге 100 кеңеш. - Ф., 1987.
5. Кыргыз педагогикасынын антологиясы, 1-том. - Ф., 1989.
6. Айтматов Ч. «Манас» эпосуна арналган кириш сөз, 1-том. - Ф., 1978.
7. Полозов Т.Д. Художественная литература-школа жизни. - М., 1986.
8. Исаков Б. «Манас» сабагы. - Б., 1995.
9. Исаков Б. Окутуп тарбиялоо. - Ф., 1980.